**Каралды:**
**Педагогикалык кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

## №94 ЖОББ мектебинин аралыктан окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобосу

**1.1. Жалпы жоболор**

1.2. Бул жобо №94 ЖОББ мектебинин дистанттык билим берүү технологияларын жана электрондук билимди пайдалануу менен жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруунун эрежелерин белгилейт.

1.3. Бул жобо төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыккан:

- Коронавирус инфекциясынын алдын алуу жана жайылышын алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин 2020-жылдын 14-мартындагы чечимдери,Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 21-мартындагы “Кыргыз Республикасында 2020-жылдын 22-мартынан 2020-жылдын 22-апрелине чейин өзгөчө кырдаалды киргизүү жөнүндө” токтому.

-2020-жылдын 24-мартындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин “COVID-19 коронавирустук инфекциялары катталган өлкөнүн аймактарында жана шаарларындаөзгөчө кырдаалды киргизүү жөнүндө” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген,Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектебинин Мамлекеттик билим берүү стандартынын алкагында окуучуларга окуу материалын өздөштүрүү максатында “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 14-мартындагы №282/1 “Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында мезгилсиз эс алууну белгилөө жөнүндө” буйругу;

-“2019-2020-окуу жылында билим берүү программаларын ишке ашыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 26-мартындагы №326/1 буйругу.

1.4. Электрондук билим берүү –мамлекеттик билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу үчүн мугалимдер окуучуларга карата маалыматтык технологияларды колдонуу жана пайдалануу менен билим берүү ишин жана аны маалымат технологияларын, техникалык каражаттарды ,ошондой эле байланыш линиялары аркылуу көрсөтүлгөн маалыматтарды берүүнү камсыз кылган окутуу процесси.

Дистанттык билим берүү технологиялары негизинен окуучулар менен мугалимдер жамаатынын ортосунда кыйыр (аралыкта) өз ара аракеттенүү маалыматтык жана телекоммуникациялык тармактарды пайдалануу менен ишке ашырылган билим берүү технологиялары.

1.5. Мектеп электрондук окутуу жана дистанттык билим берүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жалпы билим берүүнүн бардык формаларында же алардын айкалышында, ар кандай типтеги окуу, лабораториялык же практикалык сабактарды өткөрүүдө,монитоинг жүргүзүүдө, окуучулардын билимин текшерүүдө каалаган платформаларды (мисалы: вотсап, Zoom,Google meet ж.б. ) колдонууга укуктуу.

-Билим берүү программалары аралаш (курама) режимде-билим берүү милдеттеринин өзгөчөлүгүнө жана окуу материалынын берилишине жараша жүзөгө ашырылышы мүмкүн.Дистанттык окутууда мугалимдин окуучу менен түздөн-түз аракеттенүүсү өтүлүүчү лабораториялык жана практикалык сабактардын сааттарынын көлөмүнө жараша жана окуучунун муктаждыктарын ошондой эле билим берүү иш чараларын жүзөгө ашыруу шарттарын эске алуу менен Билим берүү программаларына ылайык мектеп тарабынан аныкталат. (Мисалы социалдык оор шартта жашаган жана дистанттык окутууда маалыматтык технологиялар телефон ж.б. каржылай албаган үй-бүлөнүн балдарын класс жетекчи,соц.педагог аныктап,санитардык нормаларды сактоо менен мектепте окутууну уюштуруу).

1.6. Мектеп билим берүү процессинин катышуучуларына (мугалимдерге,окуучуларга) дистанттык окутууда электрондук платформаларды колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды берет.Дистанттык окутууну уюштуруу регламенти

1.7. Мектепте дистанттык түрдө окутуу электрондук билим берүү технологияларынын жыйындысын пайдалануу менен камсыздалат, анда педагогикалык жактан уюштурулган окутуу технологияларынын негизинде, алардын жайгашкан жерине жана бөлүштүрүлүшүнө карабастан, окуучу менен мугалимдин ортосунда жарым-жартылай ортомчулук кылган же толук түрдөгү өз ара аракеттенүү жүргүзүлөт.

1.8. Дистанттык билим берүүдө электрондук билим берүү тутумунун негизги элементтери:

-билим берүүчү онлайн платформалар (Zoom, Google meet, whatsapp, telegram ж.б. )

-билим берүү сайттарында жайгаштырылган санариптик билим берүү ресурстары (https/ kitep.edu.gov.kg.)

-видеоконференциялар, вебинарлар;

-Онлайн (Zoom, Google meet, whatsapp, telegram)-байланыш

-электрондук почта; e-gmail, e-mail;

-булут кызматтары;(диск,облака);

-билим берүү иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан окуу китептерине, электрондук окуу куралдарына,мультимедиялык тиркемелердин электрондук каражаттары (электрондук китепканалар);

-орнотулган платформалары жана социалдык программалары бар гаджеттер (сартфон,планшет,ноутбук,компьютер);

1.9. Окуу процессинде колдонулган дистанттык окутууда окутуунун төмөндөгүдөй формалары колдонулат:

-лекция;

-консультация;

-семинар;

-практикалык иштер;

-лабораториялык иштер;

-текшерүү иши,жат жазуу,тест ж.б.

-өз алдынча иштер;

1.10. Дистанттык сабактарда окуучулар менен кайтарым байланыш төмөнкү режимде жүргүзүлүшү мүмкүн:

-онлайн тестирлөө;

-онлайн консультациялар;

-онлайн режимде колдоо (тесттерди,экзамендерди текшерүү, мониторингдин ар кандай түрлөрү ж.б.).

2.Максаттар жана милдеттер:

2.1. Дистанциялык билим берүүдө электрондук билим берүү технологияларын пайлдалануунун негизги максаты:

-окуучуларга өлкөдөгү эпидемиологиялык абалды эске алуу менен жана окуучулардын,педагогдордун ден соолугуна кооптуу кырдаал жаратпоо үчүн жалпы билим берүү программаларын аралыктан окутуу менен өздөштүрүү;

-окуучулардын психофизикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана ден соолугунун абалын, социалдык абалын эске алуу менен билим алуу үчүн шарттарды түзөт;

- предметтер боюнча жаңы темаларды өздөштүрүү жана класстан тышкаркы өз алдынча аткаруу;

-Окуу программаларын ишке ашыруу.

2.2. Дистанттык билим берүүдө электрондук билим берүү технологияларын колдонуу төмөнкү милдеттерди чечүүгө өбөлгө түзөт:

-окутуунун жекече траекториясын жана персоналдаштырууну жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү;

-заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен билим сапатын жогорулатуу;

- окуучу үчүн ар кандай ыңгайлуу учурда окуу процесси үчүн ар кандай маалыматтык ресурстарга ачык жеткиликтүүлүк;

-мектеп үчүн бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн түзүү;

Жеткиликтүүлүк принциби, бардык окуучуларга жалпы билим берүү программаларын түздөн-түз жашаган же убактылуу жери боюнча өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берүү;

2.3. Окуучуларга жеке билим берүү траекториясын жүзөгө ашыруучүн шарттарды түзүүдө (педагогикалык,уюштуруучулук жана техникалык) персоналдаштыруу прициби;

Маалыматтык –билим берүү чөйрөсүн пайдалануу менен билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын туруктуу байланышта болуу мүмүкүнчүлүгүнө чагылдырылган интерактидүүлүк принциби;

Билим берүү процессинин конкреттүү шарттарында санариптик билим берүү

ресурстарын камтыган окуу материалдарын колдонууну жеңилдеткен адаптация принциби, бул аралыктан окутуу технологияларын жана электрондук окутуу куралдарын пайдалануу менен сабактарды өткөрүүнүн ар кандай дидактикалык моделдеринин айкалышына өбөлгө түзөт;

Билим берүү процессинин катышуучуларына керектүү темпте жана алар үчүн ыңгайлуу учурда иштөөгө мүмкүндүк берген ийкемдүүлүк принциби;

Модулдук принциби, окуучуларга жана мугалимдерге окуучунун жеке билим берүү траекториясын жүзөгө ашыруу үчүн керектүү тармактык окутуу курстарын (же окутуу курсунун айрым компоненттерин) колдонууга мүмкүндүк берет;

Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоодо натыйжалуулук жана обьективдүүлүк принциби.

2.4. Иштин негизги багыттары:

-билим берүү иш-чараларында дистанттык окутууда электрондук билим берүү платформаларын колдонуу мүмүкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

-бир катар окуу сабактар боюнча учурдагы контролдоо жана аралыктан аттестациялоого, ЖРТ тесттерге натыйжалуу даярдануу мүмүкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

3.Окуу процессин уюштуруу

3.1. № 94 мектебинде карантин учурундагы окуу процесси (жумуш убактысы).

1. 2020-жылдын 1-сентябрында Билим күнүн дистанттык формада өткөрүү;

2.Мектепте материалдык-техникалык базаны жакшыртуу;

3.Окуучулардын окуу программаларын дистанттык билим берүү технологиялары (маалыматтык жана телекоммуникациялык) аркылуу өздөштүрүүсүн камсыздоо;

4.Дистанттык түрдө билим алуу үчүн окуучулардын мүмүкүнчүлүгүн текшерүү жана шарт түзүү (социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына мектептен окутууга);

5.Электрондук билим берүү платформаларын пайдалануу аркылуу жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына аткарууну жана кайтарым байланышты камсыздоо;

6.Окуучулардын окуу программаларын дистанттык билим берүү технологиялары (маалыматтык жана телекммуникациялык) аркылуу өздөштүрүүсүн камсыздоо боюнча мугалимдер менен вебинарларды өткөрүү;

7. “Баластан”коомдук телерадио компаниясы “ЭЛТР” мамлекеттик телерадиоберүү

компаниясы жана башка каналдар аркылуу көрсөтүлүүчү видеосабактарды жана мектеп окуучуларына көрүүнү,б.а. телесабактардын жадыбалын окуучуларга маалымдоо;

8.Үй шартында дистанттык түрдө билим алуу боюнча ата-энелер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

9.Психологиялык кызматтарды жана соцпедагогдун кызматтарын уюштуруу;

3.2. Мектеп директору:

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 14-мартындагы №282/1 "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында мезгилсиз эс алууну белгилөө жөнүндө" буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 26-мартындагы №326/1 буйругунун негизинде. "2019-2020-окуу жылында билим берүү программаларын ишке ашыруу жөнүндө" окуу процессин убактылуу токтото туруу жана мектепте (класста) карантик режимди уюштуруу жөнүндө буйрук чыгарат.

-Мектептин иши бекитилген иш графикке ылайык жүргүзүлөт, педагогикалык кызматкерлердин иши-белгиленген окуу жүктөмүнө, окуу сабактарынын графигине ылайык, ал эми башка кызматкерлер –жумуш убактысы, нөөмөт графиги.

Жумуш убактысы

Администрациянын нөөмөт графиги :

| Күндөр | Аты-жөнү | Убактысы |
|---|---|---|
| Дүйшөмбү | Ажыгулова К.К | 8:00-17:00 |
| Шейшемби | Касымова Б.Э | 8:00-17:00 |
| Шаршемби | Асанова М. | 8:00-17:00 |
| Бейшемби | Токонова И.К | 8:00-17:00 |
| Жума | Бектурганова Н.Ш<br>Туранова Э | 8:00-17:00 |

Усулдук бирикмелердин мектепке келип иштөө графиги:

| Күндөр | Усулдук бирикмелер | Убактысы |
|---|---|---|
| Дүйшөмбү | Башталгыч класстар бирикмеси | 9.00-15.00 |
| Шейшемби | Гуманитардык бирикмеси | 9.00-15.00 |
| Шаршемби | Табигый бирикмеси | 9.00-15.00 |
| Бейшемби | Эстетикалык бирикме | 9.00-15.00 |
| Жума | Так илимдер бирикмеси | 9.00-15.00 |

-Карантин режими окууну токтото турган башка иш-чаралар жөнүндө жарыя социалдык сайттарга жана мектептин веб-сайтындагы жаңылыктарга жайгаштырылат;

3.3. Мектеп администрациясынын иш-милдеттери

3.3.1. Мектептин мүдүрү:

-Карантин учурунда мектептин ишин уюштурууну жөнгө салуучу документтер менен билим берүү процессинин бардык катышуучуларын тааныштыруунун мониторингин жүргүзөт;

-Мектептин педагогикалык жамааты тарабынан дистанттык режимдин сакталышына көзөмөл жүргүзөт;

-Билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылууга багытталган ишчаралардын аткарылышын көзөмөлдөйт;

-Мектептин ишинин сапатын жогорулатууга багытталган башкаруу чечимдерин кабыл алат.

3.3.2. Мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

-Окуучулар тарабынан билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылууга багытталган иш-чараларды иштеп чыгууну уюштурат;

-Аралыктан окутууда билим берүү иш-чараларын уюштуруу тутумун мугалимдер менен биргеликте аныктайт: түрлөрү,жумуш орундаррынын саны,окутуунун формасы (аралык,көз карандысыз ж.б.),окуучулар тарабынан тапшырмаларды кабыл алуу жана аларды аткарылгандыгы тууралуу маалыматтар менен камсыз кылуу;

-Окуу процессинин бардык катышуучуларына (мугалимдерге,окуучуларга,окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө),башка кызматкерлерге) метептин аралыктан окутуу учурунда анын ишин уюштуруу жөнүндө маалымдайт;

-мугалимдин тарабынан иш программасынын тематикалык пландаштырылышын жөнгө салууну көзөмөлдөшөт;

-аралыктан окутуу учурунда ишти уюштуруу боюнча билим берүү процессинин катышуучулары үчүн сунуштарды иштеп чыгат, окутуучулардын дистанттык окутуусун колдонууну уюштурат,билим берүү программаларын толук ишке ашыруу максатында заманбап педагогикалык технологияларды, алдыңкы методикаларды ишке ашырууга

колдоо көрсөтөт жана контролдойт.

-Аралыктан окутуу учурунда мектептин ишмердүүлүгүн анализдеп талдайт.

4.Педагогикалык ишмердүүлүктү уюштуруу.

4.1.Аралыктан окутуу учурунда мугалимдердин иш убактысынын узактыгы жумуш жумасынын узактыгына жараша аныкталат;

4.2.Окуучулар үчүн билим берүү программаларын аяктоо үчүн мугалимдер өз алдынча иштөөнүн,аралыктан окутуунун ар кандай формаларын колдонушат. Колдонулган иш формалары өз алдынча иштин түрлөрү жөнүндө маалыматты мугалимдер,класс жетекчилер жалпы билим берүү мекемеси белгилеген мөөнөттө окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) назарына алдын ала жеткиришет, жобого ылайык бааланат.Окуучулардын оң натыйжаларга жетишүү жагынан гага баа берилиши мүмкүн жана мындай учурда журналга киргизилет.

4.3. Аралыктан окутуу учурунда окуучулардын өз алдынча иши,жетишкендерин жана аралык аттестацияны көзөмөлдөө формалары, мезгилдүүлүгү жана тартиби жобого ылайык бааланат.Окуучулардын оң натыйжаларга жетишүү жагынан гана баа берилиши мүмкүн жана мындай учурда журналга киргизилет.

4.4. Класс жетекчинин милдети:

-Алар ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт,ата-энелерге окуучулардын аралыктан окутууга катышуусу боюнча жеке билдирүү (телефон, электрондук почта аркылуу) класста аралыктан окутуу режими жана анын шарттары жөнүндө окуучуларга маалымат берилет.

-Окуучуларга жана алардын ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) программалык материалды,анын ичинде аралыктан аткаруу үчүн,аралыктан окутуу мезгилиндеги милдеттер жөнүндө маалымат беришет.

4.5. Предметтик мугалимдердин иш аракеттери:

-Предметтик мугалим аралыктан окутуу аркылуу билим берүү процессин уюштурат: кыскача теориялык материал,материалды үйрөнүү үчүн адабияттар, өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар,тесттер, билим берүү платформаларын пайдалануу менен практикалык иштер,билим берүү сайттарында жайгаштырылган санариптик билим берүү ресурстары;видео-конференция;булут кызматтары; окуу куралдары үчүн мультимедиялык тиркемелердин электрондук каражаттары;билим берүү иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан

электрондук окуу куралдарын пайдаланышат.

-Аралыктан окутууда сабактардын үзгүлтүксүз узактыгы төмөндөгү регламенттен ашпашы керек:

-1-2-класста 20 мүнөттөн;

-3-4-класстар 25 мүнөттөн;

-5-6-класстар 30 мүнөттөн;

-7-9-класстар 30 мүнөттөн;

-Аралыктан окутуу учурунда окуучулардын өз алдынча иш-аракетин мугалимдер окуучулар оң натыйжаларга жетишкенде гана бааланат.

-Мугалим окуучулардын ишине болгон мамилесин тексттик же аудио обзор, оозеки онлайн консультация түрүндө билдирет.

-Мугалимдер тематикалык пландаштырууну түзөтүп,жалпы билим берүү мекемеси белгилеген тематикалык пландаштыруунун талаптарына ылайык күндөлүк план жазышат.

4.6. Аралыктан окутууда окуучулардын милдеттери:

-Аралыктан окуутуда окуучулар мектепке барышпайт;

-Окуучулар берилген тапшырмаларды өз алдынча аткарышат;

-Окуучулар аралыктан окутуу учурунда аткарылган тапшырмаларды мугалимдердин талптарына ыоайык берилет.

4.7. Аралыкта окутууда ата-эненин милдеттери:

-Балага дистанттык түрдө билим алуусуна шарттарды түзөт;

-Баласына билим алуусун,окуу программасын өздөштүрүүсүн, телеканалдардан көрсөтүлүүчү видеосабактарды көрүү үчүн шарт түзүү;

-Баласына белгиленген мөөнөттө жана убакытта кайтарым байланышка чыгуусун камсыздоо.